**УДК: 373.2**

***Чынгышбаева А., Султаналиева Ш. К.***
*Чынгышбаева А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Султаналиева Ш. К. – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БҮГҮНКҮ АБАЛЫ

# СОВРЕМЕННОЕ СИТУАЦИИ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# MODERN SITUATION OF INCLUSIVE EDUCATION

***Аннотация.*** *Мектепке чейинки билим берүүнү модернизациялоонун азыркы этабы, эң оболу, калктын аз камсыз болгон же социалдык жактан начар катмарларга карата мамилесин коомдун аң-сезими жана кайра карап чыгуусу менен байланыштуу.*

*Азыркы учурда мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга мамиле өзгөрө баштады: алардын уникалдуулугун жана сыйлоого укуктарын адамдар тааный баштаашты. Мындай учурдун эң ачык мисалы, инклюзия идеологиясында чагылдырылат. Инклюзия заманбап билим берүүнү өнүктүрүүнүн борбордук идеясы, коомчулуктун терең социалдык жана баалуулук өзгөрүүлөрүн талап кылат.*

***Аннотация.*** *Современный этап модернизации дошкольного образования связан, прежде всего, с осознанием и пересмотром отношения общества к малоимущим или социально незащищенным слоям населения.*

*Сегодня отношение к детям с ограниченными возможностями начало меняться: люди начали признавать их уникальность и право на уважение. Самый очевидный пример такой ситуации отражен в идеологии инклюзивности. Инклюзия является центральной идеей развития современного образования, которая требует глубоких социальных и ценностных изменений в обществе.*

***Annotation.*** *Annotation. The current stage of modernization of preschool education is associated, first of all, with the awareness and revision of society’s attitude towards the poor or socially vulnerable segments of the population.*

*Today, attitudes towards children with disabilities have begun to change: people have begun to recognize their uniqueness and right to respect. The most obvious example of this situation is reflected in the ideology of inclusion. Inclusion is the central idea of the development of modern education, which requires deep social and value changes in society.*
***Негизги сөздөр:*** *Инклюзия, инклюзивдик билим, социалдык абал.*
***Ключевые слова:*** *Инклюзия, инклюзивное образование, социальная ситуация.*
***Key words****: Inclusion, inclusive education, social situation.*

Инклюзивдик билим берүү каралган документте мамлекеттин билим берүү саясатын ишке ашыруу артыкчылыктуу багыт катары аныкталган.

Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясын жана программасын ишке ашыруунун алкагында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү окуучулардын билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен мыйзам чыгаруу базасын жакшыртуу, инклюзивдик билим берүү жөнүндө калкка кеңири маалымдоо, ар түрдүү кызматтарды түзүү аркылуу окуучуну билим алуу процессинде коштоо чараларын киргизүү, жаңы деңгээлдеги адистерди даярдоо, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү окуучуларды окутуу жана тарбиялоо үчүн окуу-методикалык жана ресурстук борборлорду түзүү, буга чейин жалпы мектепке окуганга каршы көрсөтмөлөрү болгон окуучуларды медициналык колдоо үчүн жалпы билим берүү уюмдарынын штатына «медайым» кызмат ордун киргизүү пландалууда.

Инклюзивдик билим берүүдө төмөнкү шарттар эске алынат:

- билим алууга жете ала турган атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучулардын санын көбөйтүү;
- интернат тибиндеги стационардык мекемелердин шарттарында окуган балдардын санын азайтуу;
- билим берүү уюмдарынын инфратүзүмүн атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучулардын керектөөлөрүн эске алуу менен жакшыртуу;
- инклюзивдик билим берүүнүн, үй-бүлөлөрдү жана окуучуларды социалдык коштоо системасынын натыйжалуу үлгүсүн киргизүү;
- атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларды коомго социалдаштыруу жана интеграциялоо үчүн шарттарды түзүп берүү.

Азыркы учурда мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга мамиле өзгөрө баштады: алардын уникалдуулугун жана сыйлоого укуктарын адамдар тааный башташты. Мындай учурдун эң ачык мисалы, инклюзия идеологиясында чагылдырылат.

Инклюзия заманбап билим берүүнү өнүктүрүүнүн борбордук идеясы, коомчулуктун терең социалдык жана баалуулук өзгөрүүлөрүн талап кылат. Инклюзия бириккен коомчулуктун идеясына негизделген. Ар бир адам (башка раса, дин, маданият, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адам) коомдук мамилелерге кошула алат дегенди билдирет. Бул биригүү коомчулуктун бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын чечип, алардын өз алдынча жашоого жөндөмдүүлүгүнүн өрчүшүнө, ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө тең укуктуулукту камсыздайт. С.В. Алёхина белгилегендей, инклюзиянын негизинде терең философиялык маселе: социалдык карым-катыш шартында аңсезимдин калыптануу маселеси - «Мен жана Башка адам» турат. [1,5]

Инклюзия философиясы коомдук өнүгүү глобалдашуу шартында коммуникативдик көйгөйлөрдү чечүү жөндөмү негизги ролдо экенин чагылдырат.

Н.М. Назарова белгилегендей, инклюзиянын көптөгөн чет элдик философиялык негиздери «интерактивдүү мамиле» катары жалпыланган, билим алууда атайын муктаждыктары бар окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүүсү жана өзүнөзү жүзөгө ашырышы туруктуу жана активдүү өз ара аракеттенүүнүн диалогдук процессинде, социалдык-маданий чөйрөдө гана мүмкүн экендигин белгилейт [3, 6-12-бб.].

Инклюзия социалдык жашоонун, социалдык түзүлүштүн жаңы парадигмасын орнотот, социалдык институттарды, социалдык процесстерди жана социалдык практикаларды олуттуу өзгөртүүнү талап кылат, бүтүндөй коомдун ар бир адамын максималдуу социалдашуусуна жетишүүнү камтыйт. Коом билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды инклюзивдүү шарттарда билим алууга даярдоо менен алектенбеши керек, коомдук аңсезимде кадимки парадигманы өзгөртүү керек [2, 5-16-бб.].

Билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды эмес, билим берүү процессин, окуу пландарын, программаларын мүмкүн болушунча ылайыкташтырууга жана бул ресурстарды топтоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү зарыл.

Инклюзия социалдык түзүлүшкө жаңыча мамиле жасоону болжолдойт, ошондуктан социалдык институттарды өзгөртүүнү талап кылат. Аны жасалма жол менен өстүрүүгө мүмкүн эмес. Анын өнүгүүсү бардык адамдардын биологиялык гана эмес, ошондой эле социалдык жана психологиялык муктаждыктарын

канааттандырууга багытталган коомдун бардык чөйрөлөрүнө социалдык институттарды куруудан башталат [4]

Инклюзивдик билим берүү билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөнү гана эмес, бардык балдарды сапаттуу билим алуу жана тарбиялоону камсыз кылат. Булар:

•Ата-энелер менен иштөө. Ата-эне гана өз балдарына эң чоң колдоо көрсөтүп, баланын көндүмүн жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрө алышат.

•Ата-энелерди стимулдаштыруу жана социалдаштыруу.

•Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мугалимдери менен иштөө, топтогу балдарга жекече колдоо көрсөтүү боюнча алардын билимин жана көндүмдөрүн үйрөтүү максатында.

•Билим берүү уюмдарында физикалык чөйрөнү адаптациялоо [5, 6-б.].

Инклюзия социалдык мамилелерге оң таасирин тийгизген динамикалык өнүккөн процесс. Инклюзия социалдык жашоонун, социалдык түзүлүштүн жаңы парадигмасын орнотот, социалдык институттарды, процесстерди жана практикаларды олуттуу өзгөртүүнү талап кылат, бүтүндөй коомдун ар бир адамын максималдуу социалдашуусуна жетишүүнү камтыйт.

Инклюзивдик процесстердин өнүгүшүнүн башталышы жеткиликтүү чөйрөнү түзүү жана инклюзиянын социалдык тобокелдиктерин жеңүү менен гана чектелбестен, коомдук аң-сезимдеги тоскоолдуктарды бүтүндөй коомдун деңгээлинде да, конкреттүү адамдын деңгээлинде да жоюуну талап кылат.

Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсүндө көпчүлүк мамлекеттер төрт этаптан өтүшкөн: [4, 5,].

1. «Механикалык биргелешип окутуу».

2. Интеграциялык окутуу - инклюзивдик билим берүү идеяларын өнүктүрүүнүн алгачкы этабы.

3. Инклюзивдик билим берүүгө мүнөздүү болгон түшүнүү жана ишеним деңгээлине өтүү.

4. Инклюзивдик саясатты, инклюзивдик практиканы жана инклюзивдик маданиятты ишке ашыруу жана калыптандыруу.

Инклюзия механизмдери социалдык мүнөзгө ээ болгондуктан, ал коомчулуктун бардык жашоо тармактарын камтышы зарыл. Инклюзиянын ишке ашырылышы билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу жетилет. Инклюзивдик билим берүү - адамдын инсандыгынын баалуулугуна, анын уникалдуулугуна, татыктуу жашоо укугуна негизделген гуманизм идеяларынын өнүгүүсүнүн жыйынтыгы.

Инклюзивдик билим берүүнүн өзөктүү фигурасы катары педагогдун компетенттүүлүгү олуттуу мааниге ээ. Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда педагог инклюзивдик маданияттын негизи болгон 3 түзүмдүк компетенттүүлүктөргө ээ.

Биринчиден, педагогикалык ишмердүүлүктөгү мотивация жана аңсезимдүүлүк. Бул учурда педагог баалуулуктар системасын жетекчиликке алып, инклюзивдик билим берүү идеяларын аң-сезимдүүлүк менен кабыл алат.

Экинчиден, инклюзивдик маданияты жогору педагог мугалимдик кесипте олуттуу мааниге ээ болгон толеранттуулук, эмпатия, сабырдуулук сыяктуу инсандык сапаттарга ээ болуу менен бирге, кесипкөй сапаттарын дайым жогорулатуунун үстүндө иштейт.

Үчүнчүдөн, педагог инклюзивдик билим берүүнүн идеяларын ишке ашырууда таанып-билүүнүн жогорку натыйжалуу сапаттарына ээ болуп, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн класс чөйрөсүндө ишке ашыруу боюнча билимдердин жана көндүмдөрдүн системасына ээ.

Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоо педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгү негизги мазмундук (мотивациялык, таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), рефлексивдүү) жана функционалдык компетенцияларды камтыгандыгы аныкталып, ошондой эле атайын кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээлин көрсөтөөрү ачыкталды.

**Адабияттар:**


1. Алехина, С.В. Инклюзивное образование: история и современность [Текст] / С.В. Алехина. – М.: Первое сентября, 2013

2. Алехина, С.В. Принципы инклюзии в контексте изменений образовательной практики [Текст] / С.В. Алехина // Психологическая наука и образование. – 2014. – №1. – С. 5-16

3. Назарова, Н.М. Закономерности развития интеграции как социального и педагогического феномена [Текст] / Н.М. Назарова // Компенсирующее обучение: опыт, проблемы, перспективы. – М.: Академия, 1996.

4. Кетриш, Е.В. Готовность педагога к работе в условиях инклюзивного образования [Электронный ресурс]: монография / Е. В Кетриш. Екатеринбург: Рос. гос. проф.-пед. ун-та, 2018. 120 с. Режим доступа: http://elar.rsvpu.ru/978-5- 8050-0653-2

5. Организация, уровни и квалификации образования в зарубежных странах: справ-метод. пособие / Г.Ф. Ткач, М.Н. Житникова. – М.: Центр сравнительной образовательной политики, 2004. – 416 с